Борбордук Азия Университетинин 2025-жылдагы бүтүрүүчүлөрүнүн аземи
Доктор Шамш Кассим-Лакханын куттуктоо үчүн кайрылуусу
Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы

Мээримдүү жана ырайымдуу Кудайдын аты менен!

Ардактуу Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунун губернатор Алишер Мирзанаботов!
Ардактуу Нарын облусунун губернатору Алтынбек Эргешов!
Губернатордун орун басарлары!
Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү!
Ректор Кристофер Герри!
Декан Максим Хомяков!
Окутуучулар жана кызматкерлер!
Ардактуу меймандар, ата-энелер, үй-бүлө мүчөлөрү!
Ошондой эле бүгүнкү күндүн жылдыздары, 2005-жылдын бүтүрүүчүлөрү!

*Ассалому алейкум жана кутмандуу таңыңыздар менен!*

Канцлердин, Камкорчулар Кеңешинин жана БАУнун бүтүндөй коомчулугунун атынан 2025-жылдын бүтүрүүчүлөрүн чын дилден куттуктайм. Силер маранын сызыгынан өттүңөр – бул силердин эмгегиңер сиңди дегендик!

Бүгүн биз ошондой эле профессордук-окутуучулар курамынынын, жетекчиликтин, кызматкерлердин жана ыктыярчылардын ушул өтө жаш уландарыбыз менен кыздарыбыздын  билим алуусу үчүн  жан дили менен күч-аракетин жумшаган эмгектерин да баса белгилеп майрамдап жатабыз.

Ошого карабастан биздин өзгөчө алкыштарыбыз ата-энелерге жана бүтүрүүчүлөрдүн үй-бүлөлөрүнө арналышы керек. Анткени силер тараптан келечекке карата мүдөөлөрүбүзгө терең милдеткерлик менен мамиле жасап, биздин жаш агартуу мекемесинин убадаларына ишеним көрсөттүңөр.

Эмесе, менин тарых-таржымалымдан эмес силердикинен баштоого уруксат этиңиздер.

Силердин көпчүлүгүңөр бул жерге алыскы өрөөндөрдөн, борбордон обочолонгон шаарлардан келдиңер. Башкалар Борбор Азиянын шаарларынан, дагы бирөөлөр узак өлкөлөрдөн келдиңер. Силер өзүңөр менен бирге ар кыл тилдерди, салттарды, ишенимдерди жана дүйнөтаанымдарды кошо ала келдиңер. Нарын менен Хорогко келип чогуу күлдүңөр, кызуу талкууларга түштүңөр.

Бирок көйгөйлөр көп болду.

Силер ааламды каптаган пандемияны баштан кечирдиңер, дистанттык окутууга адаптация болдуңар жана жаңы жашоонун реалдуу режиминдеги окуу аудиторияларына кайтып келдиңер. Булардын баарынан өтүү менен силер  өзүңөр үчүн бири-бириңерге карата адамдык сапатты ача билдиңер, өз баалуулуктарыңарды калыптандырдыңар, чечкиндүүлүгүңөрдү бекемдедиңер жана эмпатияга-мээримге болгон жөндөмүңөрдү

тереңдеттиңер. 5 жыл ичинде билим уяңар – Алма Матер силерди туугандаштырды жана бул өмүр бою созулат деп ишенем.

Бул бактылуу күндө ошондой эле Борбордук Азия Университетинин Кыргыз Республикасы, Казакстан жана Тажикстан Республикалары, Исмаилиттер Имаматы тарабынан Эл аралык Келишимге кол коюу аркылуу негизделгенине 25 жылдын жүзү болуп жатат.

Бул университет борбор шаардын ыңгайлуулуктарынын үстүндө курулган жок. Ал таштан ташты кынап, башкаларга узак жана кыйын сезилген тоо койнундагы шаарда тикеленди.

Менин эсимде калган төмөнкүлөр болду: курулуш материалдары менен жабдууларды тарткан жүк ташыган машиналар жумалап жолдо кармалып, Европадан чыгып Түркия, Кавказ аркылуу жана акыр-аягы Борбор Азияга жетип, чек арадан чек араны басып өтүп жеткен күндөр өттү. Башка унаа каражаттары болсо Пакистандан Кытай аркылуу келишкен. Бюрократиялык тыгындар, транс чек аралык чыңалуулар жана катаал ландшафттар кампустардын курулушунун өз мөөнөтүнөн кечикпей бүтүп, окуу жылына өз убагында үлгүрөбүзбү деген толгон токой санааларга салган эле. Окутуучуларды ишке кабыл алуу менен инновациялык окуу программаларын иштеп чыгуу жана бир нече бийлик органдары тарабынан бекитилиши да өзүнчө көйгөйлөрдү жараткан. Андыктан азыр Камкорчулар Кеңешинин жетекчилигине, ар кыл командалардын, алардын ичинде Нарын менен Хорогдун өз ишинин устаттарына  максаттарга өжөрлүк менен жан үрөп, бул күндөргө жетүүгө бизге мүмкүнчүлүктөрдү тартуу кылгандыктары үчүн чын ыкластан ыраазычылык айта турган кез келди.

Албетте, эгерде анын негиздөөчүсү Канцлерибиз, Улуу даражалуу Ага Хан IVнүн адаттан тышкары келечекке карата ушундай мүдөөлөрү болбогондо жана ар дайым жетекчилик кылып турбаганда булардын баары жүзөгө ашпайт эле. Ошондой эле биздин негиздөөчү-мамлекеттерибиз Кыргыз Республикасы, Тажикстан жана Казакстан Республикаларынын биргелешкен иш-аракеттери дал ушундай кайталангыс аймактык институтту түзө алды.

Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр! Силер чоң ааламга аралашканда силер үчүн бир ойду насаат катары айткым келет.

Силердин БАУдан алган билимиңер жөн гана турмуш-тиричилик үчүн жан багууга эле эмес, маңыздуу жашоого да даярдады. Ал жашоодо ийгилик жеке пайда менен өлчөнбөстөн, башкаларга кызмат кылуу менен алып келе турган позитивдүү өзгөрүүлөрдү жарата аласыңар.

Бекеринен «Кызмат кылуу - бул жерди ээлеп турган үчүн орунга төлөгөн ижара акысы» - деп айтышпаса керек. Ошол жерди пайдалануунун ижара акысынын бир аз бөлүгүнүн төлөмү катары силерден сурана турганым: өмүр бою жок дегенде бир муктаж адамдын болсо дагы жогорку билим алуусуна колдоо көрсөткүлө.

Ошондуктан кымбаттуу бүтүрүүчүлөр, чокусунан мөңгү кетпеген, көк тиреген бийик тоолордун арасындагы кампустарды таштап кетип жатып, эч убакта жакшылык кылуу менен башкаларга кызмат кылуудагы ак баталардын купуя касиеттерин кем баалабагыла.

2025-жылдын бүтүрүүчүлөрүн куттуктайм!

Рахмат!

Өз пикиримди айтып болгон соң, эми мен дагы бир  өтө жагымдуу аманат-милдетимди аткаргым келип жатат. Биздин Канцлерибиз Улуу даражалуу Ага Хан Vнин силерге куттуктоо үчүн кайрылуу катын алып, анын силердин алдыңарда окуп берип кой деген өтүнүчүн аткарганы турам.

Канцлердин кайрылуусу:

Урматтуу министрлер!
Урматтуу губернаторлор!
Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы жана мүчөлөрү!
Университеттин ректору, окутуучулары жана кызматкерлери!
Ата-энелер, өнөктөштөр жана достор!
Жана эң башкысы – кымбаттуу 2025-жылдын бүтүрүүчүлөрү!

Мен чындыгында эле бул өзгөчө күндө силерге жана силердин үй-бүлөңөргө кошулуп жатканыма, ошондой эле бул орчундуу мезгил барагын силер менне бирге белгилеп жатканыбызга байланыштуу бир нече сөз айтууга мүмкүнчүлүк болуп турганына кубанычтамын. Арийне, тилекке каршы, сиздер менен чогуу боло албай калганым өкүнүчтүү болуп турат. Кудайым буюрса, сиздер менен кайрадан жакын арада көрүшүүнү чыдамсыздык менен күтөм. Бүгүнкү майрам биздин Нарын жана Хорог кампустарында өтүп жатканына күбө болуп жатам, заманбап технологиялардын керемети менен виртуалдуу болсо да эки жактын окуяларын тең бөлүшүп, өзүмдү бактылуу сезип жатам.

Бүгүн бүтүрүүчүлөрдү  силердин талыкпас аракетиңердин, окутуучуларыңардын жана ата-энелериңердин жан үрөгөн мээнеттери менен келген беш жылдыктын кульминациясы болуп саналган күндө жылуу сөздөрүмдү айтып куттуктоо менен баштагым келет. Силер бүгүн өзүңөрдүн жетишкендигиңердин күбөлүгү болуп эсептелген БАУда окуп жүргөндө алган жана өмүр бою кала турган билимди тастыктаган дипломуңарды колго алып кетесиңер.

Бүгүнкү салтанаттуу азем — бул силердин жетишкендиктерди эле белгилеп тим болуу эмес, ошондой эле БАУну аймактык университет катары түптөгөн негиздөөчү мамлекеттер болуп эсептелген Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстандын, ошондой эле Исмаилиттердин Имаматынын ортосундагы мыкты өнөктөштүктүн  натыйжасында Эл аралык Келишимге кол коюлгандан берки 25 жылдык мааракени белгилөөгө дагы өбөлгө болуп турган күн. Биздин өнөктөштөр жана көптөгөн кызыгдар тараптар менен биз 25 жыл аралыгында бир далай ийгиликтерге жетиштик. Кийинки чейрек кылымдагы ийгиликтерге да абдан кубанычта болоор элем.

Бул менин университеттин канцлери болгондон берки биринчи кайрылуум жана мен адегенде маркум атамдын бул адаттан сырткаркы жана новатордук долбоорду түзүүдөгү жана жайылтуудагы концепциясын иштеп чыгуудагы анын ролун баса белгилөөдөн баштагым келди. Эгерде ал биз менен бул жерде бүгүн болгондо бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктерине күбө болуп  сыймыктанмак жана кубанмак эле.

БАУнун ишинде жана Ага Хан Өнүктүрүү Уюмунун мындан да кеңири ишмердүүлүгүндө Борбор Азиянын элдеринин жашоосун жакшыртуу үчүн Исмаилиттердин Имамы мурдагыдай эле жан дили менен колдоого ынтызар. Албетте, өкмөттөр жана башка баалуу өнөктөштөр менен тыгыз кызматташтыкта иштөө аркылуу жалпы иш-аракеттердин жана долбоорлордун үстүндө иштей беребиз. Жогорку сапаттагы билим берүүгө болгон жеткиликтүүлүк биздин өнүктүрүүгө карата мамилебиздин негизги өзөгүн түзөт жана өзгөртүп кайра түзүүчү жана узак мөөнөттүү таасир этүүдөгү потенциалга ээ болмокчу.

Биз терең өзгөрүүлөрдүн жана жаңылануулардын мезгилин баштан кечирип жатабыз, ал эми технологиялык прогресстин ыргактары күндөн күнгө ылдамдап бара жатат.
Билим берүү тармагы басма станоктон тартып эң зор өзгөрүүлөргө чейинки күндөрдү баштан кечирип жатат жана БАУ бул өзгөрүүлөрдүн авангардында болууга милдеттүү.

Биз ошондой эле жашоо-тиричилигибиз үчүн климаттын өзгөрүшүнүн абдан курч окуялуу кесепеттерин да байкап жатабыз. Бул өзгөчө БАУ иш алып барып жаткан тоолуу аймактарда өтө актуалдуу болуп жатат. Ааламдашуудагы экономикалык өнүгүүнүн тенденциялары кескин өзгөрүп жатат, туруктуу эмес геосаясий жагдайлардын фонунда соода моделдериндеги олуттуу өзгөрүүлөр орун алууда.

Бул контексттен алып караганда бүтүрүүчүлөрүбүз алдыда турган милдеттерге карата жакшы даярдыктан өткөн деп ишенем. Силер окуп үйрөнгөн адистиктер өзгөчө мааниге ээ. Мейли экономика, компьютердик илимдер, коммуникация жана медиа болсун, мейли Жер жана айлана-чөйрө жөнүндө илимдер болсун - баары олуттуу. Мындан дагы маанилүүсү – биздин программа силерге көптөгөн дисциплиналар боюнча кеңири тажрыйбаларды бере алат жана окууга болгон жөндөмүңөрдү арттырат, сынчыл ой жүгүртүүнү колдоно билүүгө түрткү берет. Булар менен катар силер өз эне тилиңерди жана англис тилин, бизнестин жана  интернеттин универсалдуу тилдерин эркин өздөштүрдүңөр.

Университеттин лакмус кагазындай баалуулугу болуп анын бүтүрүүчүлөрүнүн келечекте өз билимдери менен эмне иштерди кыла ала турганында. Мен биздин бүтүрүүчүлөрүбүз коомго омоктуу салым кошо алат деп толугу менен ишенем, ошондой эле силердин ийгиликтериңер жана бактылуу болушуңар үчүн каалоо-тилектерим жана баталарым силер менен!

Жыйынтыктап айтканда, акыркы 25 жыл ичинде ушул сапарды сапар кылгандардын бардыгына терең ыраазычылык билдирүүгө уруксат этиңиздер: негиздөөчү-мамлекеттерге, профессордук-окутуучулардын курамына, кызматкерлерге, Камкорчулар Кеңешине, биздин демөөрчүлөргө жана ыктыярчыларга, жана да алардан кем эмес бул университетти өз катарында кабыл алган жергиликтүү коомчулуктарга чын дилден ыраазычылык билдирем.

Алдыдагы даңгыр жол жаңы чакырыктарды жана жаңы убадаларды алып келмекчи. Келгиле, биз баарыбыз чогуу максаттар менен, өнөктөштүктө жана үзүлбөгөн үмүт менен ошол сапарларды бирге басып өтөлү.

Рахмат!